Жобо №95 Т.Жоробеков орто

мектебинин 26-август 2019-ж педагогикалык

кеңешмеде талкууланып бекитилди

Макулдашылды

№95 Т.Жоробеков орто мектебинин

кесиптик бирлигининин төрайымы:

_____________Ж. Тажибаева

Бекитемин

№95 Т.Жоробеков орто мектебинин

директору:________ Н.Алимбекова

№95 Т.Жоробеков орто мектебинде физикалык жана психологиялык коопсуз чөйрөну

Түзүү жөнүндө жобо.

Бул жобо жалпы билим берүү уюмдарында билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун

жогорулатуу маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 17-июндагы №295 токтомуна. Билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 31-июлундагы №298/1 буйругуна жана Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугунун стандарттарынын топтомуна негиз түзүлдү.

## 1. Жалпы жоболор

1.1.Мектептик билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугун жогорулатуу, коопсуздукту аныктоо, ошондой эле билим берүү процесинин катышуучуларын өз ара мамилелерин баалоо, анын жыйынтыгы боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн мектептин коопсуздугу боюнча кеңеш иш жүргүзөт (мындан ары Кеңеш.)

## 2. Кеңештин максаты жана милдеттери.

2.1.Кеңештин максаты- билим берүү чөйрөсүнү н коопсуздугун камсыздоого көмөктөшүү

2.2.Кеңештин милдеттери:

1. Мектеп жетекчилиги менен биргеликте мектептин коопсуздугун жакшыртуу максатында иш-мерчемдерди пландоо.
2. Кызыктар тараптардын билим берүү чөйрөсүнүн коопсуздугу боюнча ой пикирлерин кабыл алуу жана туура чечим чыгаруу.
3. Кеңештин ишинин жыйынтыктарын билим берүү процессинин катышуучуларына, кызыктар тараптарга маалымат берүү (мектеп жетекчилигинин макулдугу менен)
4. Кеңеш жалпы билим берүү уюмунун имараттарын тийешелүү техникалык , санитардык, өрткө каршы, экологиялык жана архитектуралык-эстетикалык абалын баалайт, контролдойт, байкоо жана маниторинг жүргүзөт.

5. Окуу жабдуулары, спорттук жабдуулар окуучулардын бою-жашынын өзгөчөлүктөрүнө ылайык келишин аныктайт, баалайт жана маниторинг жүргүзөт.

6. Билим берүү процессинин катышуучуларынын зордук-зомбулуксуз жүрүм –турумун, дискриминациялык эмес толеранттуу чөйрөнү баалайт, контролдойт, байкоо жана мониторинг жүргүзүп турат.

7. Мектеп жетекчилиги, мугалимдер, ата-энелер жана окуучулардан анкета алат.

8. Окуу жылында кеминде 3 жолуу чогулуш өткөрөт.

## 3. Кеңештин курамын түзүү.

3.1.Кеңеш көз карандысыз, коллегиялдуу, туруктуу орган.

3.2.Кеңештин курамы мектептин жалпы чогулушунда 2 жылга шайланат. 15 адамдан түзүлөт. Курамына мектеп жетекчили, соцпедагог, жергиликтүү бийлик өкүлдөрү, мугалимдер,ИДН, жогорку класстын окуучулары, ата-энелер кире алат.

3.3.Кеңеш өз калоосу менен же мектептин жалпы чогулушунда мөөнөтүнө жетпей таратылышы мүмкүн.